**Бишкек аймактык шайлоо комиссиясы**
Бишкек ш. Москва көчөсү 15
Tikbishkek@gmail.com

**жаран Акунов Урмат Бектемировичтен**
дареги: Нарын облусу, Нарын району, Орто-Нура айылы, Стамбек ата көчөсү 15
тел.: 0700 112254

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө” мыйзамынын 22-беренесине ылайык, кайрымдуулук ишмердиги менен алектенген уюмдардын мүчөлөрү, негиздөөчүлөрү, ошондой эле 18 жашка толо элек адамдар агитация жүргүзүүгө, агитациянын ар кандай материалдарын чыгарып, жайылтууга укуктары жок.

“Кыргызстандын элдик-демократиялык партиясы” (НДПК) саясий партиясынын Бишкек шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлеринин тизмесинде №1 турган талапкер Илим Майрамбекович Карыпбеков тарабынан 2021-жылдын 23-мартында Фейсбукта жана Инстаграмда видео кайрылуу жарыяланган. Анда ал балдарды өзүн агитация кылуу максатында пайдалануу менен кайрымдуулук иштерин жүргүзгөн. Мен бул видео кайрылуунун максаты - Бишкек шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер катары өзүнө көңүл бурдуруу болгон деп эсептейм.

Депутаттыкка талапкер И. Карыпбеков медиа ресурсту мыйзамга каршы келе тургандай пайдаланган. Бул видео кайрылуу андан ары саясий партияны (НДПК) колдоонун саясий формасына өтүп кетип, анын натыйжасында бардык талапкерлердин теңчилигин бузууга алып келет.

Бул учурда шайлоо алдындагы агитация жүргүзүүнүн мыйзам талап кылган жоболору бузулду.

“Жергиликтүү кенештерге депутаттарды шайлоону өткөрүүнүн алдындагы шайлоо агитациясын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 3.12. пунктуна ылайык, талапкер, саясий партия тиешелүү талаптарды бузгандыгы аныкталган учурда, аймактык шайлоо комиссиясы аларга талаптарды бузгандыгы тууралуу кат жүзүндө эскертүү берүүгө укуктуу.

Жогоруда келтирилгендердин негизинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чара көрүүңүздөрдү суранам.

Жоопту urmat.abdullo@gmail.com электрондук дарекке жиберуунузду суранам.

Тиркеме: видео кайрылуудан видео жана скриншот.

**Акунов Урмат Бектемирович**
2021-жылдын 24-марты

Вх. № 358 от 25.03.2021г.